# АУДИТТИН ЭЛ АРАЛЫК СТАНДАРТЫ 510

# АЛГАЧКЫ АУДИТОРДУК ТАПШЫРМАЛАР: БАШТАПКЫ КАЛДЫКТАР

(2009-жылдын 15-декабрында же андан кийинки күндө башталган мезгилдеги финансылык отчеттуулуктун аудитине карата күчүнө кирет)

## МАЗМУНУ

Пункт


**Киришүү**

Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү .................................................... 1

Күчүнө кирүү күнү ................................................................................ 2

**Максаты** .............................................................................................. 3

**Аныктамалар** ...................................................................................... 4

**Талаптар**

Аудитордук жол-жоболор ......................................................................... 5–9

Аудитордук тыянактар жана корутунду ..................................................... 10–13

**Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар**

Аудитордук жол-жоболор ......................................................................... A1–A7

Аудитордук тыянактар жана корутунду ..................................................... A8–A9

Тиркеме: Модификацияланган пикирди камтыган аудитордук корутундулардын мисалдары


АЭС 510 «*Алгачкы аудитордук тапшырмалар: баштапкы калдыктар*» АЭС 200 «*Көз карандысыз аудитордун негизги максаттары жана Аудиттин эл аралык стандарттарына ылайык аудитти жүргүзүү*» менен бирге каралууга тийиш.

ISA

# Киришүү

## Ушул стандартты колдонуу чөйрөсү

1. Ушул Аудиттин эл аралык стандарты (АЭС) алгачкы аудитордук тапшырмаларды жүргүзүүдө баштапкы калдыктарга карата аудитордун милдеттерин белгилейт. Финансылык отчеттуулукта көрсөтүлгөн суммалардан тышкары баштапкы калдыктар өзүнүн ичине мезгилдин башталышына карата жана ачып көрсөтүлүүгө тийиш болгон мисалы, шарттуу жана келишимдик милдеттенмелер сыяктуу бир катар позицияларды камтыйт. Эгерде финансылык отчеттуулук салыштырмалуу финансылык маалыматты камтыса, анда АЭС 710до[1] каралган талаптар жана көрсөтмөлөр да ошондой эле колдонулат. Алгачкы аудитордук тапшырмалар башталганга чейин аудитор кабыл алууга тийиш болгон иш-аракеттерге карата кошумча талаптар жана көрсөтмөлөр АЭС 300[2]де камтылат.

## Күчүнө кирүү күнү

2. Ушул стандарт 2009-жылдын 15-декабрында же андан кийинки күндө башталуучу мезгилдеги финансылык отчеттуулуктун аудитине карата күчүнө кирет

## Максаты

3. Алгачкы аудитордук тапшырмаларды жүргүзүүдө, аудитордун баштапкы калдыктарды талдоо бөлүгүндөгү максаты, төмөнкүдөй талапка ылайык, жетиштүү аудитордук далилдерди алуу болуп саналат:

   (a) учурдагы мезгилдин финансылык отчеттуулугуна олуттуу түрдө таасирин тийгизүүчү баштапкы калдыктарда бурмалоонун болушу же жоктугу;

   (b) баштапкы калдыктарды жөнгө салуучу тиешелүү эсеп саясатынын принциптеринин учурдагы мезгилдин финансылык отчеттуулугунда ырааттуу колдонулушу, же аларга киргизилген өзгөртүүлөр финансылык отчеттуулукту даярдоодо колдонулуучу концепцияга ылайык, талаптагыдай эске алынганы, берилгени жана ачып көрсөтүлгөнү.

## Аныктамалар

4. Аудиттин эл аралык стандарттарынын максаттары үчүн төмөнкүдөй терминдер төмөндөгүдөй мааанилерге ээ:

[1] АЭС 710 «*Салыштырмалуу маалымат – салыштырылуучу көрсөткүчтөр жана салыштырма финансылык отчеттуулук*»

[2] АЭС 300 «*Финансылык отчеттуулуктун аудитин пландаштыруу*».

(a) Алгачкы аудитордук тапшырма — төмөнкүлөрдү караган тапшырма:

(i) мурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулук аудиттен өткөн эмес; же болбосо

(ii) мурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулук мурдагы аудитор тарабынан текшерилген.

(b) Баштапкы калдыктар - мезгилдин башталышына карата эсептердеги калдыктар. Баштапкы калдыктар мурдагы мезгилдин аягына карата калдыктардын негизинде түзүлөт жана мурдагы мезгилдердеги операциялардын жана окуялардын таасирин, ошондой эле мурдагы мезгилде колдонулган эсеп саясатын чагылдырат. Баштапкы калдыктар ошондой эле, мисалы, шарттуу жана иш жүзүндөгү милдеттенмелер сыяктуу мезгилдин башталышына карата болгон жана ачып көрсөтүлүүгө тийиш болгон маалыматты өзүнө камтыйт.

(c) мурдагы аудитор — мурдагы мезгил үчүн ишкананын финансылык отчеттуулугунун аудитин жүргүзгөн жана учурдагы аудитор аны алмаштырган башка аудитордук уюмдун аудитору.

# Талаптар

## Аудитордук жол-жоболор

*Баштапкы калдыктар*

5. Аудитор маалыматтарды ачып көрсөтүүнү кошо алганда, баштапкы калдыктарга тиешелүү маалыматты карап чыгуу үчүн ишкананын эң акыркы финансылык отчеттуулугу менен таанышуусу керек, эгерде ушундай бар болсо, жана ал боюнча мурдагы аудитордун корутундусу менен дагы, эгерде бар болсо.

6. Аудитор учурдагы мезгилдин финансылык отчеттуулугуна олуттуу түрдө таасир берүүчү мезгилдин башталышына карата калдыктарды бурмалоонун бар (же жок) экендигине талапка ылайык жетиштүү аудитордук далилдерди төмөнкүдөй жол менен чогултууга тийиш. (А1–А2-пункттарын караңыз)

(a) өткөн мезгилдин аягына карата калдыктар учурдагы мезгилге карата туура которулганбы же жокпу, зарыл болгондо кайрадан эсептеле тургандыгы;

(b) баштапкы калдыктар тиешелүү эсеп саясатынын принциптерин чагылдырып же чагылдырбагандыгын баалоо;

(c) төмөнкү жол-жоболордун бирин же бир нечесин аткаруу (А3 – А7-пункттарды караңыз)

ISA

(i) эгерде финансылык отчеттуулуктун аудити өткөн жыл үчүн өткөрүлгөн болсо, баштапкы калдыктарга карата далилдерди алуу үчүн мурдагы аудитордун иш документтерин талдоо;

(ii) учурдагы мезгилде аткарылган аудитордук жол-жоболор, баштапкы калдыктарга тиешеси бар далилдерди береби, баалоо;

(iii) баштапкы калдыктар боюнча далилдерди алууга багытталган конкреттүү аудитордук жол-жоболорду жүргүзүү.

7. Эгерде аудитор, баштапкы калдыктар учурдагы мезгилдин финансылык отчеттуулугуна олуттуу таасирин тийгизүүгө жөндөмдүү бурмалоолорду камтыганы боюнча аудитордук далилдерди алган болсо, анда аудитор учурдагы мезгилдин финансылык отчетуна таасирин тийгизүүчү бурмалоолорду аныктоо үчүн, конкреттүү жагдайларда кошумча жана тиешелүү аудитордук жол-жоболорду жүргүзүүсү керек болот. Эгерде аудитор учурдагы мезгил үчүн финансылык отчетто ушундай бурмалоолор камтылган деген тыянакка келсе, анда ал бул маалыматты АЭС 450[3]гө ылайык тийиштүү деңгээлдеги ишкананын жетекчилигине жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактарга жеткирүүгө тийиш.

*Эсеп саясатынын принциптерин ырааттуу колдонуу*

8. Аудитор баштапкы калдыктарды жөнгө салуучу эсеп саясатынын тиешелүү принциптери учурдагы мезгил үчүн финансылык отчетто ырааттуу колдонулганы жана эсеп саясатына киргизилген өзгөртүүлөр тиешелүү түрдө эске алынганы, финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык берилгени жана ачып көрсөтүлгөнүнө карата жетиштүү деңгээлде тийиштүү аудитордук далилдерди алууга тийиш.

*Мурдагы аудитордун аудитордук корутундусундагы тиешелүү маалыматтар*

9. Эгерде өткөн мезгил үчүн финансылык отчеттуулуктун аудити мурдагы аудитор тарабынан жүргүзүлсө жана ал даярдаган пикир модификацияланса, аудитор учурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулукту олуттуу бурмалоо тобокелдигине АЭС 315ке (кайра каралган)[4] ылайык баалоодо, мындай пикирди даярдоо үчүн негиз болгон маселенин таасирин баалоого тийиш.

**Аудитордук тыянактар жана корутундулар**

[3] АЭС 450 «*Аудиттин жүрүшүндө аныкталган бурмалоолорду баалоо*», 8 жана 12-пункттар.

[4] АЭС 315 (кайра каралган) «*Ишкананы жана анын чөйрөсүн изилдөө аркылуу олуттуу бурмалоо тобокелдиктерин табуу жана баалоо*».

*Баштапкы калдыктар*

10. Эгерде аудитор баштапкы калдыктарга карата жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди ала албаса, ал коюлган шарты бар пикирин билдирүүгө же АЭС 705ке[5] (кайра каралган) ылайык, конкреттүү жагдайга жараша финансылык отчет жөнүндө пикирин билдирүүдөн баш тартууга тийиш (А8-пунктту караңыз).

11. Эгерде аудитор баштапкы калдыктар учурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулукка олуттуу түрдө таасир эткен бурмалоолорду камтый тургандыгы жана мындай бурмалоонун таасири тиешелүү түрдө эске алынбаган, берилбеген же ачып көрсөтүлбөгөн деген тыянакка келсе, аудитор АЭС 705ке ылайык, белгилүү бир кырдаалга жараша коюлган шарты менен пикирин же терс пикирин билдирет.

*Эсеп саясатынын принциптерин ырааттуу колдонуу*

12. Эгерде аудитор төмөнкүдөй тыянакка келсе:

(a) финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык учурдагы мезгилдин эсеп саясатынын принциптери баштапкы калдыктарга карата ырааттуу колдонулбайт, же

(b) эсеп саясатынын принциптерине өзгөртүүлөр тиешелүү түрдө эске алынбайт, финансылык отчеттуулукту даярдоонун колдонулуучу концепциясына ылайык берилген жок же ачып көрсөтүлбөйт деген жыйынтыкка келсе,

аудитор өзүнүн пикирин шарт менен же АЭС 705ге (кайра каралган) ылайык конкреттүү жагдайга жараша аудитордук терс пикирин билдирүүгө тийиш.

*Мурдагы аудитордун аудитордук корутундусунда модификацияланган пикир*

13. Эгерде мурдагы аудитордун өткөн мезгилдеги финансылык отчеттуулукка карата пикиринде учурдагы мезгилдин ичиндеги финансылык отчеттуулук үчүн өзүнүн актуалдуулугун жана олуттуулугун сактап турган модификациялар камтылса, аудитор ошондой эле АЭС 705ке (кайра каралган) жана АЭС 710го ылайык учурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулук жөнүндө модификацияланган пикирин билдирүүгө тийиш (А9-пунктту караңыз).

***

## Пайдалануу боюнча колдонмо жана башка түшүндүрмө материалдар

[5] АЭС 705 (кайра каралган) «*Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусундагы модификацияланган пикир*»



ISA

**Аудитордук жол-жоболор**

*Мамлекеттик сектордун ишканаларынын өзгөчөлүктөрү* (6-пунктту караңыз)

A1. Мамлекеттик сектордун ишканаларына аудит жүргүзүүдө учурда иштеп жаткан аудитор мурдагы аудитордон ала турган маалыматтарга карата мыйзамдык же ченемдик чектөөлөр болушу мүмкүн. Мисалы, эгерде аудитин мурда мыйзам тартибинде дайындалган аудитор (мисалы, Башкы аудитор же Башкы аудитордун атынан дайындалган ылайыктуу квалификациясы бар тышкы жак) жүргүзгөн мамлекеттик сектордун ишканасы менчиктештирилген болсо, мыйзам тартибинде дайындалган аудитор жеке сектордон жаңы аудиторго бере алган иш документтерин же башка маалыматтарды алуу маалыматтардын жашырындуулугу жөнүндө мыйзамдарга же ченемдик актыларга ылайык чектелиши мүмкүн. Маалыматтарды берүүгө чектөөлөр коюлган учурда, аудитор, балким, башка жолдор менен аудитордук далилдерди алуу аракетин жасайт, жана, эгерде жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алуу мүмкүн болбосо, анда, мындай жагдайдын аудитордук көз карашка тийгизген таасирин карап чыгуусу керек.

A2. Эгерде мыйзамдарда белгиленген тартипте дайындалган аудитор, мамлекеттик сектордун ишканасына аудит жүргүзүү үчүн мамлекеттик сектордун ишканасынын мурунку мезгил үчүн финансылык отчетуна аудит жүргүзгөн уюмду эмес, башка жеке аудитордук уюмду тарткан болсо, бул, эреже катары, мыйзам тартибинде дайындалган аудитордун көз карашынан алганда аудиторлорду алмаштыруу катары эсептелбейт. Бирок, мындай аудитордук уюмду тартуу жөнүндө макулдашуунун мүнөзүнө жараша, мындай аудитордук тапшырма аудитордун милдетин аткарган жеке аудитордук уюм үчүн алгачкы аудитордук тапшырма катары каралат, демек, бул мындай тапшырмага ушул стандарт колдонулат дегенди билдирет.

*Баштапкы калдыктар* (6(c)-пунктун караңыз)

A3. калдыктарга карата жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алуу үчүн зарыл болгон аудитордук жол-жоболордун мүнөзү жана көлөмү төмөнкүлөрдөн көз каранды болот:

- ишкананын эсеп саясатынан;
- эсеп боюнча калдыктардын, операциялардын түрлөрүнүн, ачып көрсөтүлгөн маалыматтардын жана учурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулуктагы олуттуу бурмалоо тобокелдиктеринин мүнөзүнөн;
- бүтүндөй учурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулукка карата мезгилдин башындагы калдыктардын олуттуулугунан;

- финансылык отчеттуулук аудити өткөн мезгил үчүн жүргүзүлгөнбү, эгер жүргүзүлгөн болсо, мурунку аудитордун пикири модификацияланганбы.

A4. Эгерде өткөн мезгилдин финансылык отчетуулугунун аудити мурдагы аудитор тарабынан жүргүзүлгөн болсо, аудитор мурдагы аудитордун иш документтерин изилдөө жолу менен баштапкы калдыктарга карата жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди ала алат. Мындай документтерди изилдөөнүн натыйжасында аудитор жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди чогулта ала тургандыгы мурдагы аудитордун кесиптик компетенттүүлүгүнө жана көз карандысыздыгына жараша болот.

A5. Иштеп жаткан жана мурдагы аудиторлордун ортосундагы маалыматтык өз ара аракеттенүү тиешелүү этикалык жана кесиптик талаптар менен жөнгө салынат.

A6. Жүгүртүүдөгү активдер жана кыска мөөнөттүү милдеттенмелер үчүн баштапкы калдыктарга карата аудитордук далилдер учурдагы мезгилде жүргүзүлүүчү аудитордук жол-жоболордун алкагында жарым-жартылай алынышы мүмкүн. Мисалы, учурдагы мезгилде дебитордук (кредитордук) карыздын калдыктарын алуу (төлөө) анын бар экендигинин, тиешелүү укуктардын жана милдеттердин, мезгилдин башындагы карыздын толуктугунун жана наркынын белгилүү аудитордук далилдерин берет. Запастар болгон учурда, акыркы калдыктарды текшерүүнүн учурдагы мезгилде жүргүзүлгөн аудитордук жол жоболору, мезгилдин башына карата колдо болгон запастарга карата анча-мынча аудитордук далилдерди берет. Ошондуктан, кошумча аудитордук жол-жоболор талап кылынышы мүмкүн. Атап айтканда, жетиштүү тиешелүү аудитордук далилдер төмөндө келтирилген жол-жоболордун бир же бир нече эсебинен алынышы мүмкүн:

- запастардын учурдагы инвентаризациясын кароо жана мезгилдин башталышына карата запастын саны менен анын жыйынтыктарын салыштыруу;
- запастардын баштапкы калдыктарынын наркын баалоо боюнча аудитордук жол-жоболорду жүргүзүү;
- дүң пайдага жана аны таануунун өз убактуулугуна карата аудитордук жол-жоболорду жүргүзүү.

A7. Баштапкы калдыктарга тиешелүү бухгалтердик жазууларды жана башка маалыматтарды изилдөөдө, кээ бир аудитордук далилдер жүгүртүүдөн тышкаркы активдерге жана узак мөөнөттүү милдеттенмелерге, анын ичинде негизги каражаттар, инвестициялар жана узак мөөнөттүү карыз тууралуу болот. Айрым учурларда аудитор үчүнчү жактын ырастоосу менен, баштапкы калдык боюнча аудитордук далилдерди ала алат, мисалы, кеп узак мөөнөттүү карыз

ISA

жана инвестициялар жөнүндө болуп жатса. Башка учурларда аудитор кошумча аудитордук жол-жоболорду жүргүзүүсү керек болуп калат.

**Аудитордук тыянактар жана корутундулар**

*Баштапкы калдыктар* (10-пунктту караңыз)

A8. АЭС 705 (кайра каралган) финансылык отчеттуулукка, конкреттүү жагдайларда билдирүүгө тийиш болгон аудитордук пикирлердин түрлөрүнө, ошондой эле, аудитордук пикир модификацияланган болсо, аудитордук корутундунун мазмунуна карата аудитор тарабынан модификацияланган аудитордук пикир билдирилиши мүмкүн болгон учурларга карата талаптар жана көрсөтмөлөр камтылат. Баштапкы калдыктарга карата жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алуунун мүмкүн эместиги модификацияланган аудитордук пикирдин төмөнкү түрлөрүн билдирүүгө алып келиши мүмкүн:

a) жагдайга жараша пикирин билдирүү же пикирин билдирүүдөн баш тартуу;

(b) эгерде ага мыйзам же ченемдик актылар тарабынан тыюу салынбаса, операциялык ишмердүүлүктөрдүн жана акча каражаттарынын агымдарынын (эгерде колдонулса) натыйжаларына карата пикирин билдирүү же пикирин билдирүүдөн баш тартуу (жагдайларга жараша) жана финансылык абалга карата модификацияланбаган пикир.

Аудитордук корутундулардын мисалдары Тиркемеде келтирилген.

*Мурдагы аудитордун аудитордук корутундусунда билдирилген модификацияланган пикир* (13-пунктту караңыз)

A9. Кээ бир учурларда, мурдагы аудитордун модификацияланган пикири учурдагы мезгил үчүн финансылык отчеттуулук жөнүндө пикирге карата жөндүү жана маанилүү болбой калышы мүмкүн. Бул, мисалы, өткөн мезгилде жүргүзүлгөн аудиттин көлөмүнө карата чектөөлөрү болуп, бирок учурдагы мезгилде мүмкүн, мындай чектөө үчүн негиз болгон жагдай четтетилген учурда болушу мүмкүн.

## Тиркеме

(А8-пунктту караңыз)

## Модификацияланган пикирди камтыган аудитордук корутундулардын мисалдары

Эскертүү: Аудитордук корутундулардын бул мисалдарында «Пикир» бөлүмү АЭС 700гө (кайра каралган) ылайык башында жайгашат, ал эми «Пикирин билдирүү үчүн негиз» бөлүмү дароо эле «Пикир» бөлүмүнөн кийин жайгашат. Мындан тышкары, аудитордун милдеттеринин кеңейтилген бөлүгүнө киргизилген биринчи жана акыркы сүйлөмдөр, азыр «Пикирин билдирүү үчүн негиз» жаңы бөлүмүнүн бир бөлүгүн түзөт.

**1-Мисал.**

**Ушул аудитордук корутундунун мисалынын максаттары үчүн төмөнкүдөй жагдайлар болжолдонот:**

- **Баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишкана болуп саналбаган ишкананын ишенимдүү берүү концепциясына ылайык даярдалган финансылык отчетунун толук комплектисине аудит жүргүзүлдү. Бул аудит топтун аудити болуп эсептелбейт (башкача айтканда, АЭС 600[1] колдонулбайт).**
- **Финансылык отчеттуулук ишкананын жетекчилиги тарабынан Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) (жалпы багыттагы концепцияга) ылайык даярдалган.**
- **Аудитордук тапшырманын шарттары АЭСке 210го ылайык финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн жетекчиликтин жоопкерчилигин чагылдырат.[2]**
- **Аудитордо учурдагы мезгилдин башына карата запастардын инвентаризациясына байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болгон жок, жана ал запастардын баштапкы калдыктарына байланыштуу жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди ала алган жок.**
- **Аудитордун запастардын баштапкы калдыктарына карата жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди албай калуусунун мүмкүн болуучу кесепеттери олуттуу, бирок ишкананын ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжалуулугу**

[1] АЭС 600 «*Топтун финансылык отчеттуулугунун (анын ичинде компоненттердин аудиторлорунун ишинин) аудитинин өзгөчөлүктөрү*»

[2] АЭС 210 «*Аудитордук тапшырмалардын шарттарын макулдашуу*»



ISA

**жана акча каражаттарынын агымы үчүн баарын камтыган эмес деп эсептелинет.**[3]

- **Жылдын аягына карата ишкананын финансылык абалы финансылык отчеттуулукта туура көрсөтүлгөн.**
- **Конкреттүү юрисдикциянын мыйзамдарында жана ченемдик укуктук актыларында бир эле учурда финансылык натыйжалуулукка жана акча каражаттарынын агымдарына карата жана финансылык абалына карата коюлган шарты бар пикирди жана модификацияланбаган пикирди билдирүүгө тыюу салынат.**
- **Аудитке ошол юрисдикцияда кабыл алынган тиешелүү этикалык талаптар колдонулат.**
- **Аудитордон АЭС 701ге ылайык аудиттин негизги маселелери тууралуу маалымат билдирүү талап кылынбайт жана ал кандайдыр-бир башка себептерден улам муну жасоо чечимин кабыл алган эмес.**[4]
- **Аудитор аудитордук корутунду түзүлгөн күнгө чейин бардык башка маалыматтарды алган жана анда олуттуу бурмалоолорду аныктаган эмес.**[5]
- **Салыштыруу көрсөткүчтөрү келтирилген, анын үстүнө өткөн мезгил үчүн каржылык отчеттуулук аудити мурдагы аудитор тарабынан жүргүзүлгөн. Мыйзамдар же ченемдик укуктук актылар аудиторго салыштырмалуу көрсөткүчтөргө карата мурдагы аудитордун аудитордук корутундусуна таянууга тыюу салбайт, ал эми аудитор көрсөтүлгөн корутундуга шилтеме жасоону чечет.**
- **Финансылык отчеттуулукту түзүүгө көзөмөлдүк кылуу үчүн жооптуу адамдар, финансылык отчеттуулукту даярдоого жооптуу адамдар болуп саналбайт.**
- **Финансылык отчеттуулук аудитине кошумча аудитор жергиликтүү мыйзамдарда каралган башка отчетторду түзүү боюнча милдеттерге ээ.**

[3] Эгерде мүмкүн болуучу кесепеттер, аудитордун кесипкөй ой жүгүртүүсү боюнча олуттуу жана ишкананын ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжалуулугу жана акча каражаттарынын агымдары үчүн бардыгын камтуучу деп эсептелсе, аудитор финансылык натыйжалуулугу жана акча каражаттарынын агымдары жөнүндө пикирин билдирүүдөн баш тартууга тийиш.

[4] АЭС 570 (кайра каралган) «*Ишмердүүлүктүн үзгүлтүксүздүгү*»

[5] АЭС 701 «*Көз карандысыз аудитордун аудитордук корутундусунда аудиттин негизги маселелери жөнүндө маалымдоо»*

# КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ

АВС компаниясынын акционерлерине [же башка тиешелүү дарektелүүчүгө]

## Финансылык отчеттуулук аудитинин жыйынтыктары боюнча корутунду[1]

### КОЮЛГАН ШАРТЫ БАР ПИКИР

Биз АВС компаниясынын (Компания) финансылык отчетуулугуна 20X1-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча финансылык абалы жөнүндө отчеттон, жыйынды кирешеси жөнүндө отчеттон, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчеттон жана көрсөтүлгөн күнгө карата жабылган жыл ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттон, ошондой эле эсеп саясатынын негизги жоболоруна кыскача сереп салууну кошкондо, финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүнөн турган аудитти жүргүздүк.

Биздин пикирибиз боюнча, корутундунун «Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз» бөлүмүндө баяндалган маселенин таасирин кошпогондо, тиркелген финансылык отчеттуулук 20X1-жылдын 31-декабрындагы абалы боюнча Компаниянын финансылык абалын (же финансылык абалы жөнүндө), ошондой эле Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына (ФОЭС) ылайык, көрсөтүлгөн күнгө карата аяктоочу жыл үчүн анын финансылык натыйжалуулугун (же финансылык натыйжалуулугу жөнүндө) жана акча каражаттарынын кыймылын (же кыймылы жөнүндө) бардык олуттуу мамилелерде туура чагылдырат (же анык жана ишенимдүү түшүнүк берет).

### КОЮЛГАН ШАРТЫ БАР ПИКИРДИ БИЛДИРҮҮ ҮЧҮН НЕГИЗ

Биз компаниянын аудиторлору болуп 20X1-жылдын 30-июнунда дайындалганбыз жана жыл башындагы абал боюнча запастардын инвентаризациясын көзөмөлдөй алган жокпуз. Биз ошондой эле альтернативдүү аудитордук жол-жоболордун жардамы менен 20X0-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча калган запастардын санына карата зарыл болгон ырастоолорду ала алган жокпуз. Финансылык натыйжалуулугун жана акча каражаттарынын агымдарын эсептөөдө мезгилдин башындагы запастар эске алынгандыктан, жыл үчүн жыйынды кирешеси жөнүндө отчетто чагылдырылган пайдага жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетто чагылдырылган операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн таза акча агымына карата кандайдыр бир оңдоп-түзөөлөрдүн зарыл экендигин аныктоо мүмкүн болгон жок.

---

[1] Эгерде "*Башка мыйзамдык жана ченемдик талаптарга ылайык отчет*" экинчи кошумча аталышы пайдаланылбаса, "*Финансылык отчеттуулуктун аудитинин жыйынтыктары боюнча корутунду*" кошумча аталышы талап кылынбайт.

ISA

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына (АЭС) ылайык жүргүздүк. Көрсөтүлгөн стандарттарга ылайык биздин жоопкерчилигибиз мындан ары биздин корутундунун «*Финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн аудитордун жоопкерчилиги*» бөлүмүндө ачып көрсөтүлөт. Биз финансылык отчеттуулуктун биздин аудит тарабынан колдонулуучу этикалык талаптарына ылайык Компанияга [юрисдикциянын аталышы] карата көз карандысызбыз жана биз ушул талаптарга ылайык башка этикалык милдеттерибизди аткардык. Алынган аудитордук далилдер биздин пикирибизди билдирүү үчүн негиз катары жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат деп эсептейбиз.

**Башка маалыматтар**

Компаниянын 20X0-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл ичиндеги финансылык отчеттуулугунун аудити, 20X1-жылдын 31-мартындагы финансылык отчеттуулук боюнча аудитордук корутундуда көрсөтүлгөндөргө карата модификацияланбаган пикирин билдирген башка аудитор тарабынан жүргүзүлгөн.

**Башка маалыматтар [же башка аталышы, эгерде зарыл болсо, мисалы, «Финансылык отчеттуулуктан жана ал жөнүндө аудитордук корутундудан айырмаланган маалымат»]**

[*АЭС 720да (кайра каралган) камтылган корутундуларды түзүүгө карата талаптарга ылайык корутунду түзүү – АЭС 720нын (кайра каралган) 2-тиркемесиндеги 1-мисалды карагыла*.]

**Жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын финансылык отчеттуулук үчүн жоопкерчилиги[2]**

АЭС 700ге (кайра каралган)[3] ылайык корутунду түзүү – *АЭС 700дөгү (кайра каралган) 1-мисалды караңыз.]*

**Аудитордун финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн жоопкерчилиги**

[*АЭС 700гө (кайра каралган) ылайык корутунду түзүү – АЭС 700дөгү (кайра каралган) 1-мисалды караңыз.]*

**Башка мыйзамдык жана ченемдик талаптарга ылайык отчет**

*[АЭС 700ге (кайра каралган) ылайык корутунду түзүү – АЭС 700дөгү (кайра каралган) 1-мисалды караңыз.]*

*[Конкреттүү юрисдикциянын талаптарына жараша аудитордук уюмдун атынан, аудитордун атынан же аудитордук уюмдун атынан жана аудитордун атынан кол тамга]*

---

[2] Аудитордук иштин мисалдарынын текстинде «жетекчилик» жана «корпоративдик башкарууга жооп берүүчү жак» деген терминдерди конкреттүү юрисдиксиянын укуктук жөнгө салуудагы башка терминдери менен алмаштыруу зарыл болушу мүмкүн.

[3] АЭС 700 (кайра каралган) «*Финансылык отчеттуулук жөнүндө пикирди калыптандыруу жана корутундуну түзүү*».

[*Аудитордун дареги*]

[*Күнү*]

**2-мисал.**

**Ушул аудитордук корутундунун мисалдарынын максаттары үчүн төмөнкүдөй жагдайлар болжолдонот:**

- **Баалуу кагаздары уюштурулган соодага киргизилген ишкана болуп саналбаган ишкананын ишенимдүү берүү концепциясына ылайык даярдалган финансылык отчеттуулугунун толук комплектисине аудит жүргүзүлдү.. Бул аудит топтун аудити болуп эсептелбейт (башкача айтканда, АЭС 600 колдонулбайт).**
- **Финансылык отчеттуулук ишкананын жетекчилиги тарабынан ФОЭСтерге (жалпы багыттагы концепцияга) ылайык даярдалган.**
- **Аудитордук тапшырманын шарттары АЭС 210го ылайык финансылык отчеттуулукту даярдоо үчүн жетекчиликтин жоопкерчилигин чагылдырат.**
- **Аудитордо учурдагы мезгилдин башына карата запастардын инвентаризациясына байкоо жүргүзүү мүмкүнчүлүгү болгон жок, жана ал запастардын баштапкы калдыктарына байланыштуу жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди ала алган жок.**
- **Аудитордун запастардын баштапкы калдыктарына карата жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди албай калуусунун мүмкүн болуучу кесепеттери олуттуу, бирок ишкананын ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжалуулугу жана акча каражаттарынын агымы үчүн баарын камтыган эмес деп эсептелинет.[4]**
- **Жылдын аягына карата ишкананын финансылык абалы финансылык отчеттуулукта туура көрсөтүлгөн.**
- **Жагдайларды эске алуу менен финансылык натыйжалуулугуна жана акча каражаттарынын агымдарына карата коюлган шарты бар пикирди жана ишкананын финансылык абалына карата модификацияланбаган пикирди билдирүү орундуу деп эсептелинет.**
- **Аудитке ошол юрисдикцияда кабыл алынган тиешелүү**

[4] Эгерде аудитордун жетиштүү жана талаптагыдай аудитордук далилдерди алууга жөндөмсүздүгүнүн мүмкүн болуучу кесепеттери анын кесипкөй ой жүгүртүүсү боюнча олуттуу жана ишкананын ишмердүүлүгүнүн финансылык натыйжалуулугу жана акча каражаттарынын агымдары үчүн бардыгын камтуучу деп эсептелсе, аудитор финансылык натыйжалуулугу жана акча каражаттарынын агымдары жөнүндө пикирин билдирүүдөн баш тартууга тийиш.

**этикалык талаптар колдонулат.**

- **Алынган аудитордук далилдердин негизинде аудитор АЭС 570ке (кайра каралган) ылайык, ишкананын өзүнүн ишмердүүлүгүн үзгүлтүксүз улантуу жөндөмдүүлүгүнө олуттуу шектенүүлөр пайда болушу мүмкүн болгон окуялар же шарттар менен байланышкан олуттуу айкын эместиктин жоктугу жөнүндө тыянак чыгарды.**
- **Аудитордон АЭС 701ге ылайык аудиттин негизги маселелери тууралуу маалымат билдирүү талап кылынбайт жана ал кандайдыр-бир башка себептерден улам муну жасоо чечимин кабыл алган эмес.**
- **Аудитор аудитордук корутунду түзүлгөн күнгө чейин бардык башка маалыматтарды алган жана анда олуттуу бурмалоолорду аныктаган эмес.**
- **Салыштырмалуу көрсөткүчтөрү келтирилген, анын үстүнө өткөн мезгил үчүн финансылык отчеттуулук аудити мурдагы аудитор тарабынан жүргүзүлгөн. Мыйзамдар же ченемдик укуктук актылар аудиторго салыштырмалуу көрсөткүчтөргө карата мурдагы аудитордун аудитордук корутундусуна таянууга тыюу салбайт, жана аудитор көрсөтүлгөн корутундуга шилтеме жасоону чечет.**
- **Финансылык отчеттуулукту түзүүгө көзөмөлдүк кылуу үчүн жооптуу адамдар, финансылык отчеттуулукту даярдоого жооптуу адамдар болуп саналбайт.**
- **Финансылык отчеттуулук аудитине кошумча аудитор жергиликтүү мыйзамдарда каралган башка отчетторду түзүү боюнча милдеттерге ээ.**

ISA

## КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ АУДИТОРДУН АУДИТОРДУК КОРУТУНДУСУ

АВС компаниясынын акционерлерине [же башка тиешелүү даректелүүчүгө]

**Финансылык отчеттуулук аудитинин жыйынтыктары боюнча корутунду**[5]

**Пикир**

[5] Эгерде "*Башка мыйзамдык жана ченемдик талаптарга ылайык отчет*" кошумча аталышы пайдаланылбаса, "*Финансылык отчеттуулуктун аудитинин жыйынтыктары боюнча корутунду*" кошумча аталышы талап кылынбайт.

Биз АВС компаниясынын (Компания) финансылык отчетуулугуна 20X1-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча финансылык абалы жөнүндө отчеттон, жыйынды кирешеси жөнүндө отчеттон, өздүк капиталдагы өзгөрүүлөр жөнүндө отчеттон жана көрсөтүлгөн күнгө карата жабылган жыл ичиндеги акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттон, ошондой эле эсеп саясатынын негизги жоболоруна кыскача сереп салууну кошкондо, финансылык отчеттуулуктун эскертүүлөрүнөн турган аудитти жүргүздүк.

*Финансылык натыйжалуулугуна жана акча каражаттарынын агымдарына карата коюлган шарты бар пикир*

Биздин пикирибиз боюнча, корутундунун «Коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз» бөлүмүндө баяндалган маселенин мүмкүн болуучу таасиринен тышкары, тиркелген жыйынды киреше жөнүндө жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчеттор Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык, 20X1-жылдын 31-декабрында аяктоочу АВС компаниясынын финансылык натыйжалуулугун (же финансылык натыйжалуулугу жөнүндө) жана акча каражаттарынын кыймылын (же кыймылы жөнүндө) бардык олуттуу мамилелерде туура чагылдырат (же анык жана ишенимдүү түшүнүк берет).

*Финансылык абалына карата пикир*

Биздин пикирибиз боюнча финансылык абалы жөнүндө отчет Финансылык отчеттуулуктун эл аралык стандарттарына ылайык, 20X1-жылдын 31-декабрындагы абалы боюнча Компаниянын финансылык абалын (же финансылык абалы жөнүндө) бардык олуттуу мамилелерде туура чагылдырат (же анык жана ишенимдүү түшүнүк берет).

**Финансылык натыйжалуулугуна жана акча каражаттарынын агымдарына карата коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн негиз**

Биз Компаниянын аудиторлору болуп 20X1-жылдын 30-июнунда дайындалганбыз жана жыл башында запастардын инвентаризациясын көзөмөлдөй алган жокпуз. Биз ошондой эле альтернативдүү аудитордук жол-жоболордун жардамы менен 20X0-жылдын 31-декабрына карата абалы боюнча калган запастардын санына карата зарыл болгон ырастоолорду ала алган жокпуз. Финансылык натыйжалуулугун жана акча каражаттарынын эсептөөдө мезгилдин башындагы запастар эске алынгандыктан, жыл үчүн жыйынды кирешеси жөнүндө отчетто чагылдырылган пайдага жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө отчетто чагылдырылган операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн акча каражаттарынын таза агымына карата кандайдыр бир оңдоп-түзөөлөрдүн зарыл экендигин аныктоо мүмкүн болгон жок.

Биз аудитти Аудиттин эл аралык стандарттарына (АЭС) ылайык жүргүздүк. Көрсөтүлгөн стандарттарга ылайык биздин жоопкерчилигибиз мындан ары биздин корутундунун «*Финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн аудитордун жоопкерчилиги*» бөлүмүндө ачып көрсөтүлөт. Биз финансылык отчеттуулуктун биздин аудит тарабынан колдонулуучу этикалык талаптарына

ылайык Компанияга [юрисдикциянын аталышы] карата көз карандысызбыз, жана биз ушул талаптарга ылайык биз башка этикалык милдеттерибизди аткардык. Биздин алынган аудитордук далилдер финансылык абалга карата модификацияланбаган пикирди жана финансылык натыйжалуулугуна жана акча каражаттарынын агымдарына карата коюлган шарты бар пикирди билдирүү үчүн жетиштүү жана талаптагыдай болуп саналат деп эсептейбиз.

Башка маалыматтар

Компаниянын 20X0-жылдын 31-декабрында аяктаган жыл ичиндеги финансылык отчеттуулугунун аудити, 20X1-жылдын 31-мартындагы финансылык отчеттуулук боюнча аудитордук корутундуда көрсөтүлгөндөргө карата модификацияланбаган пикирин билдирген башка аудитор тарабынан жүргүзүлгөн.

**Башка маалыматтар [же башка аталышы, эгерде зарыл болсо, мисалы «Финансылык отчеттуулуктан жана ал жөнүндө аудитордук корутундудан айырмаланган маалымат»]**

[*АЭС 720да (кайра каралган) камтылган корутундуларды түзүүгө карата талаптарга ылайык корутунду түзүү – АЭС 720нын (кайра каралган) 2-тиркемесиндеги 1-мисалды караңыз.*]

**Жетекчиликтин жана корпоративдик башкаруу үчүн жооп берүүчү жактардын финансылык отчеттуулук үчүн жоопкерчилиги[6]**

[*АЭС 700гө (кайра каралган) ылайык корутунду түзүү – АЭС 700дөгү (кайра каралган) 1-мисалды караңыз.*]

**Аудитордун финансылык отчеттуулуктун аудити үчүн жоопкерчилиги**

[АЭС 700ге (кайра каралган) ылайык корутунду түзүү – АЭС 700дөгү (кайра каралган) 1-мисалды караңыз.]

**Башка мыйзамдык жана ченемдик талаптарга ылайык отчет**

[*АЭС 700ге (кайра каралган) ылайык корутунду түзүү – АЭС 700дөгү (кайра каралган) 1-мисалды караңыз.*]

[*Конкреттүү юрисдикциянын талаптарына жараша аудитордук уюмдун атынан, аудитордун атынан же аудитордук уюмдун атынан жана аудитордун атынан колтамга*]

[*Аудитордун дареги*]

[*Күнү*]

[6] Же конкреттүү юрисдикциядагы мыйзамдык базанын контекстинде башка ылайыктуу термин

ISA